## ШАЙЛООНУ БАЙКОО БОЮНЧА ЭЛ АРАЛЫК МИССИЯ
**Кыргыз Республикасы – Парламенттик Шайлоо, 4-октябрь, 2015-ж.**

### БОЖОМОЛ МААЛЫМАТ ЖАНА КОРУТУНДУЛАР ЖӨНҮНДӨ БИЛДИРҮҮ

**Бишкек, 5- октябрь 2015-ж.** – Бул Божомол Маалымат жана Корутундулар жөнүндө Билдирүү ЕККУ Демократиялык Институттар жана Адам Укуктары боюнча Бюросу (ЕККУ/ДИАУБ), ЕККУ Парламенттик Ассамблеясы (ЕККУ ПА), Европа Кеңешинин Парламенттик Ассамблеясы (ЕКПА) жана Европа Парламентинин (ЕП) катышуусу менен көрүлгөн биргелешкен иш аракеттин жыйынтыгы.

Игнасио Санчез Амор (Испания) ЕККУнун учурдагы төрагасы тарабынан Атайын координатор жана ЕККУнун кыска мөөнөттүү байкоо миссиясынын жетекчиси болуп дайындалган. Ивана Добрецова (Чех Республикасы) ЕККУ ПА делегациясын жетектеди, Мериткcел Матеу Пи (Андорра) ЕКПА делегациясын жетектеди, ал эми Рышард Чарнецки (Польша) ЕП делегациясын жетектеди. Элчи Борис Фрлец 25- августтан бери иштеген ЕККУ/ДИАУБдун шайлоону байкоо миссиясынын (ШБМ) башчысы.

Баа берүү шайлоонун ЕККУ милдеттемелерине, демократиялык шайлоо боюнча башка эл аралык милдеттемелер менен стандарттарга жана улуттук мыйзамдарга шайкеш келүүсүн аныктоо максатында жасалды. Шайлоону байкоо боюнча бул эл аралык миссиянын (ШБЭМ) ишине катышкан ар бир мекеме 2005- жылы кабыл алынган Эл аралык Шайлоолорду Байкоо Принциптеринин Декларациясына кол койгон.

Божомол маалымат жана корутундулар жөнүндөгү бул Билдирүү шайлоо жараяны бүтө электе жарыяланат. Шайлоого жыйынтыктоочу баа берүү шайлоо жараянынын калган баскычтарын өткөрүүгө жараша болот, анын ичине добуштарды саноо жана жыйынтыктарды жарыялоо, ошондой эле шайлоодон кийин мүмкүн болгон арыздарды жана даттанууларды кароо камтылат. ЕККУ/ДИАУБ шайлоо жараяны бүткөн соң болжолу менен сегиз жумадан кийин потенциалдуу жакшыртуулар үчүн берилген рекомендацияларды камтыган жалпы жыйынтыктоочу отчетту жарыялайт. ЕККУ ПА өзүнүн баяндамасы менен анын Туруктуу комитетинин 2016- жылдын февралындагы отурумунда тааныштырат. ЕКПА өзүнүн баяндамасы менен анын Туруктуу комитетинин 27- ноябрындагы отурумунда тааныштырат. ЕП бул шайлоону өзүнүн Тышкы иштер комитетинде жакын арада талкуулайт.

### БОЖОМОЛ КОРУТУНДУЛАР

Кыргыз Республикасында 2015- жылдын 4- октябрында өткөрүлгөн парламенттик шайлоо атаандаштыкта өтүп, шайлоочуларга тандоонун кеңири мүмкүнчүлүгүн берди, бирок аны башкаруу усулдары процедураларды жакшыртуу жана ачык-айкындыкты арттыруу зарылчылыгын таасын көрсөттү. Шайлоо кызуу үгүт иштери менен мүнөздөлдү, бирок жаңылыктардагы добуш берүүчүлөргө жеткиликтүү болгон бейтарап маалыматттын көлөмү чектелүү болду. Шайлоо өткөрүүнү жакшыртууга болгон саясий эркти чагылдырган добуш берүүдө жаңы технологиялардын колдонулушу көп тарабынан ийгиликтүү болду, биометрикалык каттоонун шашылыш киргизилиши шайлоочулар тизмелеринин инклюзивдүүлүгү менен олуттуу көйгөйлөрдү жаратты. Ушул, добуш берүүнүн купуялыгы тууралуу тынчсыздануулар жана добуштарды эсептөөдөгү олуттуу процедуралык көйгөйлөр жалпысынан тегиз өткөн шайлоо күнүн күңүрттөткөн негизги маселелер болду.

Шайлоолорго байланышкан укуктук системада демократиялык шайлоолорду өткөрүү үчүн жалпысынан жетиштүү негиз түзүлгөн. Бул 2011- жылкы Шайлоолор жөнүндө Мыйзамга

ылайык өткөрүлгөн биринчи парламенттик шайлоо болду. ЕККУ/ДИАУБ буга чейин берген рекомендацияларынын айрымдарын эске алуу менен 2015- жылы өзгөртүүлөр киргизилгени менен, кээ бир рекомендациялар жоопсуз калды. Түдүү мыйзамдардын ортосундагы төп келишпестиктер укуктук ишенимдүүлүккө терс таасир этти. Ага кошумча, нормативдик актылардын түшүнүктүүрөөк болушу шайлоого тийиши бар тараптарга жетиштүү колдонмону жана мыйзамдын бир түрдүү колдонулушун камсыз кылмак. Жабык тизмелүү пропорционалдык шайлоо системасы эги босогодон өтүүнү талап кылат, ЕККУ/ДИАУБ жана Европа Кеңешинин Венеция комиссиясы бул тууралуу буга чейин сын пикирлерин айтышкан.

Шайлоо кызуу жарыш жана негизги партиялардын өлкө боюнча абдан таасын көрүнгөн активдүү үгүт өнөктүгүн өткөрүүсү менен коштолду. Бирөөсү кийин каттоодон чыгарылган эки талапкердин ортосундагы зордуктун бир учурун эске албаганда, үгүт өнөктүгү негизинен тынч өткөрүлдү. Айрым партиялар үгүт өнөктүктөрүн өз платформаларынын негизинде жүргүзүшсө, калгандары шайлоочуларга, талапкерлер менен партиялардын мурдагы кайрымдуулук акцияларын жана долбоорлорун кошуп, жарандарга пайда алып келген иштери тууралуу эскертишти. Добуштарды сатып алуу жөнүндө айыптоолор кеңири жайылып, бир нече расмий арыз берилип кылмыш иликтөө иштери козголду. Президент шайлоо өнөктүгү учурунда абдан көп байкалды жана бир саясий партия анын атагын өз пайдасына колдонду. Административдик ресурстарды одоно колдонуунун бул шайлоодо көп тынчсыздануу жаратпаганы оң өзгөрүү катары бааланат.

Талапкерлерди каттоонун инклюзивдүү (жалпыны камтуу менен) өтүшү шайлоочуларга кеңири саясий тандоо мүмкүндүгүн берди. Борбордук шайлоо комиссиясы (БШК) талап кылынган документтерди тапшырган жана шайлоо депозиттерин төлөгөн 14 саясий партиянын баарынын талапкерлеринин тизмелерин каттады. Ошол эле учурда, укуктук система көз карандысыз талапкерлердин катышуусуна жол бербегени ЕККУ милдеттемелерине карама-каршы болду. Бир талапкер зордукчул аракетке катышты деген тастыкталбаган билдирүүнүн натыйжасында, ага айып коюла электе, шайлоого бир жума калганда БШК тарабынан каттоодон чыгарылды. Каттоо учурунда жыныска, улуттук азчылыктар, жаштар жана мүмкүнчүлүгү чектелген адамдар боюнча квоталар сакталды, бирок ал квоталарды каттоодон кийин сактоо тууралуу жоболордун жоктугу алардын натыйжалуулугун бошоңдотот.

Биометрикалык каттоо жана мамлекеттик бирдиктүү калк реестрине негизделген кимдигин аныктоо шайлоо эрежелерин бузуу мүмкүндүгүн чектөө жана шайлоочулардын ишенимин арттыруу максатында деп билдирилген аракет аркылуу ишке ашырылды. Мамлекеттик органдар жарандардын биометрикалык каттоодон өтүүсү керек жана милдеттүү экени тууралуу коомдук маалымат өнөктүгүн жүргүздү. Мамлекеттик органдарынын калктын инклюзивдүү реестрин түзүү аракеттерине карабай, айрым шайлоочулар биометрикалык маалыматын беришкен жок. Мунун себептеринин бири алардын маалыматтын корголушу тууралуу тынчсызданганы болду. Натыйжада алардын добуш берүүгө болгон укугу иш жүзүндө чектелип, шайлоочулардын тизмесинин инклюзивдүүлүгү олуттуу тынчсыздануну жаратты. Мамлекеттик органдар шайлоочуларды каттоонун жаңы жараянынын практикалык маселелери тууралуу жетиштүү маалымат беришкен жок. Шайлоочулар жалпысынан ачык түрдө өздөрүнүн шайлоочулардын тизмесинде жазылган маалыматын текшерүү жана добуш берүү даректерин өзгөртүүнү сурануу мүмкүндүгүнө ээ болушту. ЕККУ/ДИАУБ ШБМ жарандарга, айрыкча мамлекеттик секторд0 иштегендерге, биометрикалык маалыматын шайлоого чейин тапшыруусун талап кылган басымдын түрдүү формалары көрсөтүлгөнү тууралуу ишенимдүү билдирүүлөрдү алды.

Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча Борбордук шайлоо комиссиясы (БШК), 54 аймактык шайлоо комиссиясы (АШК) жана 2374 участкалык шайлоо комиссиясы шайлоону башкарды. БШК отурумдары партиялардын өкүлдөрү, ММК, жарандык жана эл аралык байкоочулар үчүн ачык болду. Бирок, БШКнын иштөө усулдары, анын ичинде формалдуу эмес «жумушчу отурумдарын» өткөрүүсү, жана анын веб-сайтында жаңыртылган жана толук маалыматтын жетишсиздиги БШКнын ишинин ачык-айкындыгын төмөндөттү.

Мындан тышкары, БШК чечимдери дайым эле укуктук системага бекем негизделбей, кээде ага карама-каршы да келип жатты. БШК, талапкерлерди каттоону кошкондо, мыйзамда каралган мөөнөттөрдү дайым эле сактай алган жок. ЕККУ/ДИАУБ ШБМ маектешкен адамдардын көпчүлүгү АШК жана УШКлардын бейтараптыгында шектенишкен жок жана жалпысынан алардын ишине ишенишээрин билдиришти. Ал иш, шайлоочулардын тизмелерин жаңылоону жеңилдетүүнү жана жаңы жабдууларды сыноону кошуп, шайлоо күнүнө чейин жалпысынан кесипкөй аткарылды. Ошого карабай, шайлоо комиссияларына мүчөлүккө талапкерлиги көрсөтүлгөндөрдүн жетишсиздиги жана АШК менен УШК мүчөлөрүнүн кызматтан бошонуусунун көптүгү шайлоо комиссиялардын ишине терс таасирин тийгизди.

Шайлоолор жөнүндө мыйзам үгүт өнөктүгүн каржылоону жөнгө салат жана каражат кошууларга, которууларга, о.э. шайлоого катышкандардын чыгашаларына чектөөлөрдү коёт. Ал чектер мурунку шайлоолорго салыштырмалуу бир топ жогорулатылып, бул шайлоо өнөктүгүн өлкөнүн тарыхындагы эң кымбат өнөктүккө айлантуулары күтүлүүдө. БШК партиялардын өнөктүккө топтогон каражаттары жана кетирген чыгымдары тууралуу маалыматты утурумдуу жарыялап турган көзөмөлдөөчү ревизорлор тобун түздү. Эгер шайлоого чейин мындай билдирмелер көбүрөөк маалымат менен жарыяланып турса жана партиялар БШКга берүүчү маалымат шайлоодон кийин милдеттүү түрдө жарыяланганда, ЕККУ/ДИАУБ жана Европа Кеңешинин Венеция комиссиясы буга чейин рекомендация бергендей, үгүт өнөктүгү дагы да ачык-айкын болмок.

Массалык маалымат каражаттары (ММК) партияларды өз көз-караштарын түшүндүрүүсү үчүн маалымат платформасы менен камсыз кылышты. Саясий жарнактар кеңири колдонулду жана талапкерлердин ортосундагы тикелей дебаттар шайлоочуларга ал талапкерлер менен таанышууга мүмкүндүк түздү. Көпчүлүк ММКларда шайлоо өнөктүгү боюнча жаңылыктардын аздыгы о.э. саясий, иликтөөчү жана аналитикалык макалалардын сейректиги шайлоочулар ала алуучу бейтарап маалыматтын көлөмүн бир топ кыскартты. Шайлоого катышкан партиялар тууралуу материалдар көбүнесе жаңылыктарга жана болуп жаткан окуялар тууралуу берүүлөргө камтылган акы төлөнгөн баяндамалардан турду. Шайлоого катышкан партиялар тууралуу материалдын жаңылыктарда жетишсиздигинин шартында мамлекет тарабынан каржыланган ММКларда президент жана башка өкмөт кызматкерлери тууралуу ашыкча оң тариздеги макалалар жана берүүлөр өзгөчө көзгө урунуп турду. БШК ММКлардын акы төлөнгөн жарнактарды обого чыгаруусуна чоң тоскоолдук жараткан ММКлар жана веб-сайттар үчүн аккредитация талабын киргизүү менен, аккредитацияны чакырып алуу укугун сактап, өз мандатынын чегинен сыртка чыгып кетти.

Шайлоого байланышкан талаштарды териштирүү жөнгө салынып, негизинен шайлоо комиссиялары тарабынан чечилди, соттор болсо даттануу инстанциясы катары кызмат өтөштү. Шайлоого чейинки арыздарга шайлоо комиссиялары жооп кайтарып, көпчүлүк учурларда аларды өз убагында карап чыккандай сезим калтырганы менен, арыздарды документтештирүү жана арызды жараткан абалдын өзгөрүшүнө көз салуу жетишсиз болуп, процесстин ачык-айкындыгы аксады. Шайлоого байланышкан талаштарды чечүүнүн натыйжалуулугун арттыруу жана аларга болгон ишенимди арттыруу үчүн, ЕККУ/ДИАУБ жана Европа Кеңешинин Венеция комиссиясы буга чейин рекомендация бергендей, бул маселерге көңүл бурулуусу зарыл. Соттор БШКга каршы түшкөн даттануулардын биринен сырткары баарын четке кагышты жана көпчүлүк учурларда жетиштүү негиздөөлөрдү беришкен жок.

Аялдардын саясий жашоодогу өкүлчүлүгү, шайлануучу кызмат орундарын кошуп, чектелген. Мөөнөтү бүтүп жаткан парламенттин мүчөлөрүнүн 19 пайыздан көбүрөөгүн гана аялдар түзөт. Катталган бардык тизмелер ар бир тизмедеги талапкерлердин кеминде 30 % жана ар төрт талапкердин кеминде бири азыраак көрсөтүлгөн жыныстын өкүлдөрү болуусу керек деген талапка жооп беришти. Аялдардын шайлоону башкаруу органдарында жакшы көрсөтүлгөн.

Талапкерлердин тизмелери, көпчүлүгүндө улуттук азчылыктардын өкүлдөрү алгачкы ондукка киргизилгендиктен, улуттук азчылыктар боюнча квотаны канаатандырышты. Улуттук азчылыктар топтолуп жашаган аймактардын бир нечесиндеги АШКларда алар жетиштүү өкүлчүлүккө ээ болбогон. Шайлоочуларга билим берүү материалдары да, добуш бюллетендери да азчылыктардын тилинде чыгарылган эмес, бул ЕККУ милдеттемелерине туура келбейт. Айрым партиялар үгүт материалдарын өзбек тилинде таратышкан. Азчылыктар түрдүү партиялардын иш-чараларына катышышты. Көпчүлүк партиялардын үгүт өнөктүгүндө улутчул сөздөрдөн оолак болушу, азчылыктарга каршы өнөктүктөрдүн жок болушу жана азчылыктардын кысымга алынышы тууралуу билдирүүлөрдүн келип түшпөшү оң өзгөрүү катары бааланат.

Жарандык коом бул шайлоону байкоого, кыска жана узак мөөнөттүү байкоо жүргүзүүгө жана байкоолор жөнүндө баяндамаларды жарыялоого активдүү катышты. БШК эл аралык байкоочуларды аккредитациядан өткөрүүнү шайлоого 30 күн калганда гана баштап, шайлоо жараянынын бардык баскычтарына натыйжалуу байкоо жүргүзүүгө болгон алардын укуктарын чектеп койду.

Шайлоо күнү тынч өттү. Байкоо жүргүзүлгөн шайлоо участкаларынын 95 пайызындагы добуш берүү жараянына оң баа берилди. Ага карабай, бир топ шайлоо участкаларында шайлоочулардын баары эле шайлоочулардын тизмесинен өздөрүн таба алган жок. Биометриканы аныктоочу жабдуулар жана бюллетендердин сканерлери жалпысынан жакшы иштегени менен, улам пайда болуп жаткан техникалык көйгөйлөр жараяндын убактылуу бирок утуру кайталанган үзгүлтүккө учурашына алып келди. ЭШБМ байкоочулары добуш берүүнүн купуялыгына жана процедуралык эрежелер бузулган учурларга байланышкан көйгөйлөр жөнүндө кабарлашты. Партиялардын өкүлдөрү шайлоо участкаларынын дээрлик баарында, ал эми жергиликтүү байкоочулар жарымына чукулунда болушту. Добуштарды саноого, негизинен процедуралык эрежелердин бузулганына жана мүчүлүштүктөргө байланыштуу, байкоо жүргүзүлгөн шайлоо участкаларынын үчтөн биринен көбүрөөгүндө терс баа берилди; бул тынчсызданууну жараткан олуттуу сан. БШК шайлоого шайлоочулардын 58% катышканын жарыялады. Добуш берүү токтотулаар замат ал ар бир шайлоо участкасы боюнча толук маалымат камтылган шайлоонун божомол натыйжаларын өзүнүн веб-сайтына жайгаштыра баштады. Байкоо жүргүзүлгөн АШКлардын көбүндө жыйынтыктарды таблицага киргизүүнүн алгачкы баскычтарына терс баа берилди: зарыл шарттардын жоктугу элдин толуп кетишине алып келип, ачык-айкындуулукка терс таасир тийгизди, көбүнчө жыйынтыктардын протоколдоруна байланышкан көптөгөн процедуралык эрежелердин бузулушу байкалды.

## Алынган Божомол Маалымат

### Кыскача тарых

Параламенттик шайлоонун 4 - октябрда өтүүсү Президент Алмазбек Атамбаев тарабынан 2015-жылдын 25- июлунда жарыяланган. Шайлоо, бир тарабынан, өлкөнүн келечектеги саясий түзүмү тууралуу уланып жаткан талаштар менен мүнөздөлгөн саясий абалда өттү. Конституцияда тикелей шайлануучу президент жана премьер-министр жетектеген өкмөт кирген жарым-парламенттик система каралган. Саясий элитанын арасында өлкөнү президенттин аппаратында көбүрөөк аткаруу бийлиги чогултулган президенттик системага өткөрүү же толугу менен парламенттик системага өтүү тууралуу талаш сөздөр токтой элек. Мыйзамга ылайык 2020- жылга чейин Конституцияга өзгөртүү киргизүүгө парламенттин укугу чектелген экенине карабай, бир нече парламент мүчөлөрү (ПМ) жана Президент Атамбаев референдум аркылуу Конституцияга өзгөртүү киргизүүгө чакыруусун улантышты; бул демилгени бир нече саясий партия жана жарандык коом өкүлдөрү сындоо менен кабыл

алышты. Соттордун көз карандысыздыгы тынчсыздануу[1] жаратып келет, айрыкча Жогорку Соттун судьясынын[2] кызматтан бошотулушунан кийин.

2010- жылдагы парламенттик шайлоодон кийин түзүлгөн өкмөт көпчүлүктүн коалициясын түзгөн 3 партиядан турат. Андан бери бийликтеги коалиция 3 жолу кайра түзүлдү. Учурда 3 партия - Кыргызстандын Социял-демократиялык Партиясы (КСДП, парламентке 26 мандат алган) *Ар Намыс* (25 мандат) жана *Ата Мекен* (18 мандат) - парламенттик көпчүлүктү түзүшөт, ал эми *Ата-Журт* (28 мандат) жана *Республика* (23 мандат) партиялары оппозицияда. Кыргызстандын саясий партиялар системасы көп бөлүктөн турат, Адилет министрлиги 203 партияны расмий каттоодон өткөргөн. Кыргызстандагы саясий партиялар бири-бирине көп тарабынан окшош платформалары менен эмес, аларды жетектеген адамдар менен мүнөздөлөт.

## Укуктук негиз жана шайлоо системасы

Парламенттик шайлоо негизинен 2010- жылы кабыл алынган Конституция, 2011- жылы кабыл алынган Президенттик жана Парламенттик шайлоолор жөнүндөгү конституциялык мыйзам (мындан ары Шайлоолор жөнүндө мыйзам) жана 2011- жылы кабыл алынган Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча Борбордук шайлоо комиссиясы жөнүндө мыйзам[3] менен жөнгө салынат. Шайлоолор жөнүндө мыйзамга 2015- жылдын апрель айында өзгөртүүлөр киргизилип, ал шайлоочулардын милдеттүү түрдө биометрикалык каттоодон өтүүсү, бюллетендерди эсептөөдө сканерди колдонуу, шайлоого байланышкан талаштарды жөнгө салуу, шайлоо депозиттерин жогорулатуу, үгүт өнөктүгүнө каражат жыйноо жана чыгашаларды чектөө тууралуу жоболор менен толукталды. Биометрикалык каттоо тууралуу конституциялык талаштар четке кагылды.[4]

Укуктук системада демократиялык шайлоолорду өткөрүү үчүн жалпысынан жетиштүү негиз түзүлгөн. Жакында киргизилген өзгөртүүлөр буга чейин ЕККУ/ДИАУБ жана Европа Кеңешинин Венеция комиссиясы берген рекомендацияларды эске алган, аларга шайлоочулардын тизмесинин тактыгын жакшыртуу, ашыкча бюллетендерди салып жиберүүнүн алдын алуу, шайлоо босогосуна өзгөртүүлөрдү киргизүү жана шайлоо талаштарын териштирүүдө ачык-айкындыкты күчөтүү

1 2015- жылдын январында чыккан Кыргызстандын экинчи универсалдуу утурумдук обзорунда Адам укуктары боюнча комитет Кыргызстанга көз карандысыз жана бейтарап сот бийлигин түзүүнү, судьяларды тандоонун жана кызматтан алуунун обьективдүү критерийлерин түзүүнү кошуп, камсыз кылган сот реформасын ишке ашыруу рекомендациясын берген. БУУнун Адам укуктары боюнча жогорку комиссары, Кыйноого каршы комитет жана Адам укуктары боюнча кеңеш да ушундай эле рекомендация беришкен.

2 Жогорку Соттун Конституциялык Палатасынын судьясы Клара Сооронкулова Биометрикалык каттоо жөнүндө мыйзам боюнча процесске баяндоочу судья болуп дайындалган. Соттун угуусунда Палата аны бул ишти кароодон четтеткен. Сооронкулова айым анын четтетилишине Президенттик администрация таасир эткенин эл алдында айтып чыгып, ишти кароого аткаруу бийлиги кийлигишип жатканынан кабар берди. Соттор Кеңеши Сооронкулова айымга каршы дисциплинардык процедура ачып, анын кызматтан бошотулушун сунуштады. Июнь айынын отузунда ал сунуш парламент тарабынан жактырылды. Европа Кеңешинин алдындагы Мыйзам аркылуу демократия боюнча Европа комиссиясынын (Венеция комиссиясынын) президенти Сооронкулованын кызматтан бошотулушу «Кыргыз Республикасында Конституциялык Палатанын судьяларынын көз карандысыздыгына жетиштүү кепилдиктин жок экенинен кабар берет» деп билдирүү жасады.

3 Тиешелүү мыйзамдарга дагы Саясий партиялар жөнүндө мыйзам, Тынч жыйындар жөнүндө мыйзам, Биометрикалык каттоо жөнүндө мыйзам, Административдик жоопкерчилик жөнүндө кодекс жана Кылмыш жаза кодекси кирет.

4 Жогорку Соттун Конституциялык Палатасы 14- сентябрда Биометрикалык каттоо жөнүндө мыйзамдын Конституцияга ылайыктыгын ырастады. Палата 23- сентябрда Шайлоолор жөнүндө мыйзамдын шайлоочулардын тизмесине киргизүүдө биометрикалык каттоодон өтүү талабынын Конституцияга ылайыктыгын ырастады.

кирген.[5] Ошол эле учурда, мындан сырткары берилген рекомендациялар боюнча чара көрүлө элек, аларга көз карандысыз талапкерлердин парламенттик шайлоолорго катышуу укугу, гендердик квоталардын мандаттар бөлүнгөнгө чейин сакталышы жана үгүт өнөктүгүн каржылоонун ачык-айкындыгын арттыруу кирген. Укуктук системадагы төп келишпестиктер укуктук ишенимдүүлүккө терс таасир этти.[6] Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча Борбордук шайлоо комиссиясынын (БШК) чечимдери жана резолюциялары дайым эле мыйзамдарга бекем негизделбей, кээде аларга карама-каршы да келип жатты.[7]

ПМдер мамлекет боюнча бирдиктүү шайлоо округунда жабык тизмелүү пропорционалдык система аркылуу беш жылдык мөөнөткө шайланат. Көз карандысыз талапкерлердин парламенттик шайлоолорго катышуу укугу жок. Партиялар орундарга ээ болуш үчүн өлкө боюнча таанылган добуштардын кеминде 7 пайызын жана 7 областтын ар биринде, о.э. Бишкек жана Ош шаарларында (таанылган добуштардын) кеминде 0.7 пайызын алуусу зарыл. Конституция бир партия Жогорку Кеңеште ала алуучу орундардын санын 120 ичинен 65ке чектеди. Эки деңгээлдүү босогонун киргизилиши да, орундардын чектелиши да ЕККУ/ДИАУБ жана Европа Кеңешинин Венеция комиссиясы тарабынан мурда сынга алынган.[8]

Добуш берүү укугу шайлоо күнүнө карата 18 жашка толгон жарандарга, камакта отургандардан жана укугу мыйзамдык негизде чектелген адамдардан сырткары, берилет. Жашы шайлоо күнүнө карата 21ге толгон укуктуу жарандар, кылмыш жазасын өтөп бүтө элек же мыйзамга ылайык аны жоё электерден сырткары, парламентке шайлана алат. Кылмыш жазасы колдонулган жарандардын, жасаган кылмышынын оордугуна карабай, шайлануу укугунан ажыратылышы ЕККУ жана башка эл аралык милдеттемелерге каршы келет.[9]

## Шайлоону башкаруу

Шайлоо 3 деңгээлден турган шайлоо комиссияларынын системасы тарабынан башкарылат: ага БШК, 54 аймактык шайлоо комиссиясы (АШК), чет өлкөдө добуш берүү үчүн ачылган 26 мамлекеттеги 36 добуш берүү жайларын кошкондо, 2374 участкалык шайлоо комиссиясы (УШК) кирет.

БШК - парламент тарабынан беш жылдык мөөнөткө шайланган туруктуу орган. Ал президент, парламенттик көпчүлүк, парламенттик оппозициянын ар бири көрсөткөн төрттөн талапкер

---

5 Кыргызстан боюнча буга чейинки бардык ЕККУ/ДИАУБ баяндамаларын жана ЕККУ/ДИАУБ менен Европа Кеңешинин Венеция комиссиясынын КРнын Шайлоолор жөнүндө мыйзамынын долбоору тууралуу биргелешкен пикирин караңыз.

6 Мисалы, Биометрикалык каттоо жөнүндө мыйзам Өздүк маалымат жөнүндө мыйзамга төп келбейт; Шайлоо комиссиялары жөнүндө мыйзам Шайлоолор жөнүндө мыйзам менен ыңгайлаштырылган эмес.

7 Мисалы, мыйзамда БШК тарабынан ММКларды аккредитациялоо процедурасы каралган эмес (*Массалык маалымат каражаттары* бөлүмүн караңыз) жана Бишкек жана Ош шаарларындагы кошумча шайлоо участкаларында добуш берүү үчүн катталуу процедуралары мыйзамда каралгандан татаалыраак болуп калган. Ага кошумча, мыйзамда БШК тарабынан эл аралык байкоочуларды аккредитациялоонун кеч башталышы каралган эмес. Аягында, БШКнын өлкөдөн сырттагы 11 шайлоо участкасында бармак издерин сканерлөөсүз жана автоматташтырылган добуш эсептегичти колдонуусуз добуш берүүгө жана добуштарды эсептөөгө жол берген чечими Шайлоолор жөнүндө мыйзамга толук карама – каршылыкта.

8 Эки босогонун киргизилиши пропорционалдуу өкүлчүлүк системасынын максаттарына бөгөт коёт. Бир саясий партиянын ала алуучу орундарын канча добуш алганына карабай 65ке чектөө шайлоочулардын эркин тоскоолдуксуз билдирүү укугуна доо кетирет. Op.cit.??О.э. Биргелешкен пикирдин 12, 18, 19 - параграфтарын_караңыз.

9 ЕККУнун 1990- жылкы Копенгаген Документинин 7.3, 7.5 жана 24- параграфын, Жарандык жана саясий укуктар боюнча эл аралык пакттын (ЖСУЭП) 25- Беренесине 1996- жылы берилген БУУнун Адам укуктары боюнча комитетинин Жалпы комментарийинин 14- параграфын жана 2002- жылы кабыл алынган Венеция комиссиясынын Шайлоо маселелери боюнча алдыңкы практика кодексинин I.1.1.d.iv пунктун, Op.cit. о.э. Биргелешкен пикирдин 12, 37 - 39 - параграфтарын_караңыз. караңыз.

болуп 12 мүчөдөн турат.[10] БШК отурумдары партиялардын өкүлдөрү, ММК, жарандык жана эл аралык байкоочулар үчүн ачык болду; бирок, БШКнын демейдеги «жумушчу отурумдары» байкоочулар үчүн жабык болду.[11]

БШКнын өз веб-сайтын утуру жаңылап турбаганы шайлоого даярдануу процесси тууралуу кызыкдар тараптардын жана коомчулуктун маалымат алуу мүмкүнчүлүгүн чектеди жана веб-сайттагы кайсы маалымат бул шайлоого тиешелүү[12] экени тууралуу адашууларга алып келди. БШКнын айрым чечимдери толук эмес же кечиктирилип[13] жарыяланып жатканына кошумча, ЕККУ/ДИАУБ ШБМдин көптөгөн өтүнүчтөрүнө карабай, ага жиберилген жок. БШК өз отурумдарынын жадыбалын алдын-ала жарыялаган жок жана келээрки отурумдары тууралуу маалыматты эл аралык байкоочуларга чанда гана жеткирип жатты. Бул маселелердеги БШКнын иш ыкмалары жараяндын ачык-айкындыгын азайтты. Буга кошумча, ал ЕККУ/ДИАУБ ШБМге зарыл болгон кызматташууну тартуулаган жок, бул болсо миссиянын иштешин татаалдатты.[14]

АШК жана УШКлар - Адилет министрлиги тарабынан катталган бардык саясий партиялар жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары тарабынан көрсөтүлгөн талапкерлерден 2 жылдык мөөнөткө куралган туруктуу органдар. АШКлардын көпчүлүгү жергиликтүү бийлик өкүлдөрү көрсөткөн логистикалык колдоого оң баа беришти. ЕККУ/ДИАУБ ШБМ маектешкен адамдардын көпчүлүгү АШК жана УШКлардын бейтараптыгында шектенишкен жок жана жалпысынан алардын ишине ишенишээрин билдиришти. Анткени менен, ЕККУ/ДИАУБ ШБМ маектешкен айрым адамдарды шайлоо комиссияларына талапкерлердин аздыгы тынчыздандырды, о.э. кээ бир АШК жана УШКлардын мүчөлөрүнүн өз милдеттерин аткара албаганы же аткарууга кызыгуусунун аздыгы шайлоо комиссиялардын ишине терс таасир этти. Буга кошумча, АШК жана УШКлардын көп мүчөлөрү шайлоого чейин кызмат орундарын бошотуп кетишти[15]. АШКлардын отурумдарынын баары эле партиялардын өкүлдөрү жана байкоочулар үчүн ачык боло берген жок.[16]

ЕККУ/ДИАУБ ШБМ төмөнкү деңгээлдеги шайлоо комиссияларынын шайлоо күнүнө чейинки ишине, шайлоочулардын тизмелерин жаңылоону жеңилдетүүсүн жана жаңы жабдууларды сыноосун кошуп, оң баа берди.

АШК жана УШК деңгээлинде шайлоону башкарууга аялдар жакшы тартылып, ЭШБМ байкоочулары барган шайлоо участкаларындагы АШК мүчөлөрүнүн 45 % жана УШК мүчөлөрүнүн 56 % түзүштү (төрагалардын 62 пайызын кошуп). БШКнын 4 мүчөсү, төраганын

---

10 БШКнын бир мүчөсү шайлоого талапкерлигин көрсөтүү максатында августта кызматтан кеткен бойдон, анын орду толуктала элек.

11 Шайлоолор жөнүндө мыйзам БШКнын мыйзамдуулуктун, коллегиалдуулуктун жана ачыктыктын негизинде иштөөсүн талап кылат.

12 Мисалы, БШК шайлоочулар шайлоого кимдер аттанганын так билиши үчүн талапкерлердин жаңыланган же акыркы тизмесин жарыялаган жок; БШК веб-сайтындагы аккредитациядан өткөн эл аралык байкоочулардын тизмеси мурунку шайлоого таандык.

13 БШКнын жыйынтык протоколдорунун формаларын жана бюллетендин формасын бекитүү тууралуу чечимдери ал формалар тиркелбеген бойдон жарыяланган. Шайлоонун бюджетин бекитүү тууралуу чечими андагы болжолдуу чыгашаларды камтыган эмес. Эл аралык байкоочуларды аккредитациялоо тууралуу чечими бир топ кечигүү менен жайгаштырылган.

14 БШК ЕККУ/ДИАУБ ШБМды анын байкоочуларын аккредитация жараяны тууралуу кабардар кылып турган жок жана, талап кылынган документтерди өз убагында тапшырганына карабай, аккредитация бейждерин убагында берген жок.

15 Кызмат орундарын бошотуп кетүүнүн себептерине комиссия мүчөлөрүнүн шайлоо өнүктүгүнө катышууну каалоосу жана оруп-жыйю мезгилине байланышкан иштер болду.

16 АШКлар ЕККУ/ДИАУБ ШБМге, анын көптөгөн өтүнүчтөрүнө карабай, өзүнүн жакынкы отурумдары жөнүндө кабар жеткирип турган жок. Баткен жана Талас областтарынын жана Ош шаарынын АШКлары пландалбаган отурумдарын жана бейрасмий жыйындарын партиялардын өкүлдөрү жана байкоочуларсыз өткөрүп жатышты.

2 орун басарын кошуп, аялдар.

Биринчи жолу добуш берүүчү жайлар бюллетендер салынуучу кутуга орнотулган бюллетендерди сканерлөөчү жабдуулар менен камсыз кылынды. Бирок, Шайлоолор жөнүндө мыйзамга ылайык, добуштарды кол менен эсептөөнүн жыйынтыгы гана мыйзамдуу күчкө ээ. БШК бюллетендерди сканерлөө шайлоо натыйжаларын бурмалоого каршы көзөмөл механизми катары о.э. жыйынтыктоочу таблицаны толтуруудагы жана натыйжаларды жарыялоодогу ачык-айкындыкты арттыруу максатында киргизилди деп билдирди.

БШК сканерлерди текшерүүнү жана коомчулукка тааныштырууну аларды шайлоо участкаларына жеткиргенге чейин ишке ашырды, андан ары УШКлар аларды күн сайын текшерип турушту[17]. Ага карабай, БШКнын сканерлердин иштеши боюнча эч кандай документацияны жарыялабаганы жана системанын көз карандысыз коомдук аудитин өткөрбөгөнү ачык-айкындыкты төмөндөттү[18]. Бюллетендерди сканерлөөчү жабдуулар менен иштеген УШК мүчөлөрү БШК уюштурган 2 күндүк даярдоодон өтүштү, бул ЕККУ/ДИАУБ ШБМ тарабынан жалпысынан оң бааланды.

## Шайлоочуларды каттоо

Бул шайлоо үчүн өлкө президентинин 2013- жылдагы демилгесинен кийин шайлоочуларды каттоо системасына олуттуу өзгөртүүлөр киргизилди. Шайлоочулардын тизмелери жаңыдан түзүлгөн Калктын бирдиктүү реестрине негизделип, Мамлекеттик каттоо кызматы (МКК) тарабынан тейленишти. Бир тарабынан шайлоочулардын тизмелеринде кетирилген каталарды тууралоо максатында киргизилген кошумча талап катары, жарандарга биометрикалык маалыматын тапшыруу милдети жүктөлдү, муну жасабагандарга шайлоочулардын тизмесине киргизүүдөн баш тартылды.[19] Биометрикалык маалыматты милдеттүү тапшыруу 2014- жылдын октябрында, Биометрикалык каттоо жөнүндө мыйзам кабыл алынгандан көп өтпөй, башталды.[20] Шайлоолор жөнүндө мыйзамга шайлоо күнү шайлоочулардын кимдигин аныктоо бармак издеринин дал келүүсүнүн негизинде ишке ашырылышы тууралуу жобо киргизилди.[21]

Биометрикалык идентификациялоо шайлоо эрежелерин бузуу мүмкүнчүлүгүн чектөө жана шайлоочулардын шайлоо жыйынтыктарына болгон ишенимин арттыруу максатында киргизилип, ЕККУ/ДИАУБ ШБМ маектешкен адамдардын көпчүлүгү тарабынан концепция катары жактырылганына карабай, алардын айрымдары бул добуш берүүгө конституциялык укукту чектейт деген таризде ага каршы болушкан. Шайлоочулардын тизмесинин инклюзивдүүлүгү олуттуу кабатырлануу жаратты, анткени айрым шайлоочулар алыскы жерлерде же чет мамлекеттерде болгондуктан биометрикалык каттоодон четте калып, шайлоочулардын тизмесине кире албады. Калган жарандар биометрикалык каттоодон өтүүгө кызыкпады же каалабады, анткени аларды өздүк маалыматты коргоо маселелери учурдагы

---

17 23- сентябрдан 2- октябрга чейин.

18 ЕККУ/ДИАУБ ШБМ бул системанын бөлүктөрү Кореяда чыгарылган жана сертификацияланган деген маалымат алды, бирок коомчулук үчүн эч кандай баяндама берилген жок. БШК ЕККУ/ДИАУБ ШБМге бюллетендерди сканерлөөчү жабдуулар тууралуу техникалык маалыматты талкуулоо үчүн БШКнын техникалык кызматкерлери менен жолугууга уруксат берген жок.

19 Биометрикалык маалыматка жарандардын сканерленген бармак издери, сүрөтү жана колу кирет.

20 Биометрикалык каттоо шайлоочулардын тизмесине киргизүү үчүн талап катары 2015- жылдын апрелинде кирди. Бул шайлоо үчүн түзүлгөн шайлоочулардын тизмесине киргизүү үчүн биометрикалык каттоонун акыркы мөөнөтү 19- сентябрда аяктады.

21 Беш жолу аракет кылгандан кийин дал келүү болбосо, добуш берүүчүлөрдүн өздүк идентификация номерлерине (ӨИН) жана сүрөттөрүнө көңүл бурулат. Шайлоолор жөнүндө мыйзамда жабдуу иштебей калган учурлар үчүн көйгөйдү чечүү процедуралары каралган эмес.

мыйзамдарда жетиштүү жөнгө салынбаганы тынчсыздандырды.[22]

Мындай татаал жараянга берилген убакыттын тартыштыгы бийлик органдарына биометрикалык каттоо боюнча жалпыны камтыган коомдук маалымат өнөктүгүн өткөрүүгө түрткү берди. Буга карабастан, ЕККУ/ДИАУБ ШБМ жарандарга, айрыкча мамлекеттик сектордо иштегендерге, биометрикалык маалымат тапшыруусун талап кылган басымдын түрдүү формалары көрсөтүлгөнү тууралуу ишенимдүү билдирүүлөрдү алды. ЕККУ/ДИАУБ ШБМ борбордук жана жергиликтүү бийлик органдары шайлоочуларды каттоонун жаңы тартибинин практикалык маселелери жөнүндө жетиштүү маалымат беришпегенинин[23] эл аралык стандарттарга жооп бербесин[24] жана айрым жарандардын тынчсыздануулары жоё албаганын белгилешти.

Жалпысынан, 20– августтан 19- сентябрга чейинки ачык жараяндын чегинде, шайлоочулар өзүнүн шайлоо участкасындагы тизмеден, Интернет тармагы аркылуу жана МККнын түз байланыш телефону боюнча өздөрүнүн катталгандыгын текшерип алуу мүмкүнчүлүгүнө ээ болушуп, өздөрү тууралуу маалыматка өзгөртүүлөрдү киргизүүнү да сурана алышты.[25] Мындан сырткары, Бишкек жана Ош шаарларында жашаган, бирок анда катталбаган көп сандагы адамдарды камтыган шайлоочулар убактылуу жашаган жеринен добуш берүү өтүнүчү менен кайрыла алышты.[26]

Айрым шайлоочулар биометрикалык каттоодон ага берилген убакыт аяктоого чукулдап калганда өтүштү, мунун шайлоо участкаларындагы шайлоочулардын тизмесинде тез арада көрсөтүлбөгөндүгү, айрым учурларда адашууларга алып келди.[27]

Шайлоочуларды участкаларга алгачкы бекитүү МККнын жакында түзүлгөн даректер реестрин колдонуу менен автоматтык түрдө жүргүзүлдү. Бирок, МККнын маалыматына ылайык, катталган шайлоочулардын жалпы санынын 15%га жакынын БШК бекиткен участкалардын чегине ылайык, башка участкаларга өткөрүү зарылчылыгы келип чыкты.

Добуш берүүгө катышуу үчүн баардыгы болуп 2 761 297 шайлоочу катталган. Чет өлкөлөрдө көптөгөн сандагы кыргызстандыктар жашап жаткандыгына карабастан, өлкөдөн сыртта добуш берүү үчүн болгону 15 322 адам катталган.[28]

---

22 МКК 19- сентябрга карай жашы 16га толгон 2 849 000 жаран (75 %) катталганын билдирди. Өкмөт болсо, 23- сентябрда Кыргызстанда жашаган шайлоочулардын 95 пайызы бул шайлоодо добуш берүү үчүн катталды деп билдирди. 2- октябрда БШК төрагасы эл аралык байкоочуларга добуш берүүгө укуктуу жарандардын 99 % катталганын билдирди.

23 Мисал үчүн, жарандар шайлоочулардын тизмесин толуктоо жана жаңылоо жараяны жөнүндө, биометрикалык каттоодон өтүүдөн алардын аты-жөнү шайлоочулардын тизмесинен көрүнгөнгө чейин канча убакыт талап кылынаары жөнүндө, коомчулукка тааныштыруу убагында шайлоочулардын кагаз тизмеси менен электрондук тизмесинин ортосунда дал келбестиктердин мүмкүндүгү жөнүндө же алар биометрикалык маалыматын тапшырган жердин алар кайсы аймактын шайлоочулар тизмесине киргизилишинин ортосунда байланыш жок экени тууралуу маалымат алышкан эмес.

24 1996- жылы берилген БУУнун Адам укуктары боюнча комитетинин № 25- Жалпы комментарийинин 11- параграфында, башкаларын кошпогондо, мындайча жазылган «маалыматка ээ жамааттын 25- беренеде сөз болгон укуктарын натыйжалуу пайдалана алышын камсыз кылуу үчүн (жарандарды) окутуу жана каттоо өнөктүктөрү зарыл».

25 МКК өз сайтында шайлоочулардын толук тизмесин жарыялаган. МККнын түз байланыш телефонунда бир нече оператор иштеп жаткандыгына карабай, чалуулар көп болгон учурларда, мисалы 18- сентябрда, алар менен байланышуу мүмкүнчүлүгү жок болуп калып жатты.

26 Бишкек шаарында жашаган, бирок туруктуу жашаган дареги боюнча башка жерлердеги шайлоо участкаларында катталган, биометрикалык каттоодон өткөн болжол менен 200 000 жарандын ичинен, 72 905 адамга жакыны Бишкектен добуш берүү өтүнүчү менен кайрылышкан. ЕККУ/ДИАУБ ШБМ убактылуу жашаган жеринен добуш берүү үчүн катталууга аракеттенген көп сандагы шайлоочуларды байкаган, бирок андай шайлоочулардын баарынын эле аракеттери 19-сентябрга белгиленген мөөнөт аяктаганга чейин ийгиликтүү аяктабагандай сезилди.

27 Айрым шайлоочулар белгиленген тартипте биометрикалык каттоодон өтүшкөндүгүн билдиришкенине карабай, өздөрүн кагаз тизмеден да, электрондук тизмеден да таба алышкан жок. МКК ЕККУ/ДИАУБ ШБМге 4 миңге жакын шайлоочу биометрикалык каттоо учурундагы түрдүү көйгөйлөрдөн улам шайлоочулардын тизмесине кирбей калганын билдирди.

28 КРнын Тышкы иштер министрлиги чет өлкөлөрдө жашы 16дан жогору болгон 612 747 кыргыз жараны жашап жаткандыгы тууралуу МККга билдирди.

## Талапкерлерди каттоо

БШК инклюзивдүү жараян аркылуу талапкерлердин тизмесин берген жана 5 миллион сом өлчөмүндөгү шайлоо депозитин төлөгөн 14 саясий партияны каттоодон өткөрдү.[29] Шайлоого катышууну каалган калган 20 партия, зарыл болгон документтерди, шайлоо депозитин төлөөгөнү тууралуу документти кошуп, алып келе алышкан жок.

Шайлоолор жөнүндөгү мыйзамга ылайык, партиялар өз тизмелеринин каттоодон өтүшү үчүн талапкерлеринин тизмелеринде бир катар квоталарды сактоосу абзел. Ар бир партиянын талапкерлеринин тизмеси кеминде ар бир жыныстагы 30 % талапкерди камтууга тийиш. Ошол эле учурда, тизмеге кирген ар бир төрт талапкердин жок дегенде бири көрсөтүлгөн жыныстагы адамдардан болууга тийиш. Мындан сырткары, партиялар өздөрүнүн тизмеси кеминде 15% улуттук азчылык өкүлдөрүн, 15 % 35 жашка чыга элек талапкерлерди, ошондой эле мүмкүнчүлүгү чектелген кеминде эки адамды, алардын бири алгачкы 50 талапкердин тизмесине киришине кепилдик берүү менен, камтуусун камсыз кылуусу зарыл. Квоталар талапкерлердин тизмесинде парламентте ээ болгон орундарды бөлүштүрүүгө чейин эмес, каттоо мезгилинде гана камсыздалуусу талап кылынат. Тизмедеги квоталарды каттоодон кийин да сактоону мыйзамдын талап кылбашы жетиштүү өкүлчүлүккө ээ болбогон топтордун катышуу деңгээлин жогорулатууга багытталган чаралардын натыйжалуулугун төмөндөтөт.

Саясий партияларга талапкерлерди көрсөтүү жана каттоо эрежелери белгилүү болду, ал эми партиялардын өкүлдөрү жана жарандык байкоочулар каттоо документтерин иштеп чыгуу процесстери өткөн БШКнын жумушчу топторунун отурумдарына катышуу мүмкүнчүлүгүнө ээ болушту. БШКнын көрсөтмөсү боюнча айрым партияларга белгиленген квоталарга ылайык келүүнү камсыз кылуу максатында, өздөрүнүн алгачкы тизмелерине өзгөртүү киргизүүгө туура келди. кылмыш жазасын өтөп бүтө элек же мыйзамга ылайык аны жоё электигинен улам шайлоого катышууга тыюу салынган көптөгөн талапкерлер тизмеден өздөрүнүн каалоосу менен чыгышты же аларды көрсөткөн саясий партиялар тарабынан алынып салынды.[30] БШК Ата Мекен партиясынын 1 талапкерин, ал сот тарабынан күнөөлүү деп табылганы үчүн талапкер боло албагандыктан, каттоодон баш тартты.

Шайлоолор жөнүндөгү мыйзамга ылайык, БШК партиялардан документтерди кабыл алган күндөн тартып 10 күн аралыгында ал партиянын талапкерлеринин тизмесин каттоо тууралуу чечим чыгарышы керек. БШК мыйзам тарабынан бекитилген бул мөөнөттө каттоону бүтүрө алган жок жана, тизмелердин берилген күнүнө карабай, тизмелерди каттоонун акыркы күнү болгон 3– сентябрда бардык талапкерлер тизмелерин каттоодон өткөрдү. БШК бардык катталган талапкерлердин тизмесин өзүнүн расмий сайтында жайгаштырды, бирок айрым талапкерлер каттоодон чыгарылгандан кийин ага өзгөртүүлөрдү киргизген жок.[31] Жарыяланган маалыматтардын жетишсиздигинен улам, ЕККУ/ДИАУБ ШБМ белгиленген квоталарды саясий партиялардын сактагандыгын тастыктай албады.

## Өнөктүк чөйрөсү жана үгүт өнөктүгүн каржылоо

4-сентябрда башталып, добуш берүүгө 24 саат калганда аяктаган расмий үгүт өнөктүгүнүн жүрүшүндө, саясий партиялар бүткүл өлкө боюнча үгүт иштерин жүргүзүштү. Коомчулук менен жолугушууларга жана митингдерге түрдүү сандагы эл катышты, мисалы Балыкчы шаарында 100 киши катышса, Ош шаарында 12 000ден ашык ашык катышты. Жарнама такталары, керме жарнамалар жана визуалдык үгүттөөнүн башка түрлөрү, анын ичинде стиккерлер жана менчик үйлөр менен автоунааларга чапталган анча чоң эмес плакаттар, саясий партиялардын штабдарын кошуп, көп жерлерде кеңири көрүнүп турду. Шайлоо алдындагы күрөш бир күч колдонулган учурду эске албаганда, жалпысынан тынч маанайда өттү. Анда Республика – Ата Журт» саясий партиясынын эки тең-төрагасынын бири болгон Камчыбек Ташиев Өнүгүү - Прогресс партиясынын Жалал-Абад шаарынан талапкерине кол көтөргөнү тууралуу

[29] Болжол менен 72 800 еврого барабар (каттоо мезгилинде 1 евро болжол менен 68,6 сомго барабар болгон).

[30] Ички Иштер министрлигинин маалыматы боюнча, бул тыюу салуу 234 талапкерлерге таасирин тийгизди. БШК канча талапкер тизмеден алынып салынгандыгы тууралуу маалымат берген жок.

[31] 7 партиядан 17 талапкер тизмеден өздөрүнүн каалоосу менен чыгышына же аларды көрсөткөн саясий партиялар тарабынан алынып салынышына байланыштуу каттоодон чыгарылган. Бир талапкер БШК тарабынан каттоодон чыгарылган (*Өнөктүк чөйрөсү жана үгүт өнөктүгүн каржылоо* бөлүмүн караңыз).

айың кеп тараган. Ага айып коюла электе, Ташиев мырза шайлоого бир жума калганда БШК тарабынан каттоодон чыгарылды. Мындан сырткары, ар кайсы партиялардын колдоочуларынын ортосунда пикир келишпестиктер жана визуалдык үгүт материалдарынын айрылып же жок кылынгандыгы туурасында билдирүүлөр келип түштү.[32]

КСДП, Ата-Мекен жана Республика – Ата Журт саясий партиялары ири ресурстарды колдонуу менен бүткүл өлкө боюнча үгүт өнөктүгү башталгандан тартып, көзгө урунарлык шайлоо кампанияларын жүргүзүштү. Ошондой эле Бир Бол, Өнүгүү - Прогресс жана Кыргызстан партиялары тарабынан шайлоочуларды өзүнө тартуу боюнча активдүү иш чаралар өткөрүлдү.[33] Байкоонун жыйынтыгы боюнча, бул алты партиянын, о.э. Бүтүн Кыргызстан - Эмгек жана Замандаш партияларынын, кеңселери республиканын бардык областтарында ачылган. Бир нече көрүнүктүү талапкерлери бар Ар-Намыс партиясы негизги басымды өзүнүн башкаруучу коалицияга катышы бар экенине жасоого аракеттенди, бирок партиянын үгүт өнөктүгү ресурстарынын чектелүү болгондугуна байланыштуу анчейин көрүнүктүү болбоду. Үгүт өнөктүгүн өткөрүүгө каражаттары чектелүү болгон башка партиялар, үгүт иштерин жыйынтыктоочу баскычтарда күчөтүштү.

Айрым партиялар үгүт өнөктүктөрүн өз платформаларынын негизинде жүргүзүшсө, калгандары шайлоочуларга пайда алып келген иштери, инфраструктуралык долбоорлорду, төмөндөтүлгөн деп айтылган баада калкка кызмат көрсөтүүнү жана бюджеттик кызматкерлердин эмгек акылардын жогорулатууну кошуп, жасаган иштерин жарандарга эскертишти. Президент шайлоо өнөктүгү учурунда абдан көп байкалды.[34] Саясий партиялардын жана жарандык коомдун айрым өкүлдөрү ЕККУ/ДИАУБ ШБМдин мүчөлөрү менен аңгемелешүүдө КСДП партиясы, президент менен тыгыз байланышта болгондуктан, анын атагын өз кызыкчылыгында пайдалануу үчүн мамлекеттик долбоорлордун жүзөгө ашырылуусун өзүнө байланыштырууда деген тынчсыздануулярын билдиришти. Шайлоо жараянынын ар кайсы катышуучулары «административдик ресурстарды» кыянат пайдалануунун учурлары кездешкенин билдиришкен, бирок жалпысынан бул маселе өтүп жаткан шайлоонун алкагында өзгөчө көйгөй жараткан жок. Добуш сатып алуу жана сатуу боюнча күнөөлөөлөр көп таралды,[35] бир топ расмий арыздар түшүп, кылмыш иликтөө иштери козголду.[36] Саясий партиялардын өкүлдөрү ЕККУ/ДИАУБ ШБМге шайлоочулар өз добуштары үчүн акча же жекече пайда сунушталаарын күтүп жаткандыктарын билдиришти.

Шайлоо өнөктүгү саясий партиялар түзгөн шайлоо фонддорунан каржыланат. Ал фонддор саясий партиялардын жана талапкерлердин өздөрүнүн каражаттарынан, ошондой эле жарандардын жана юридикалык адамдардын салымдарынан каржыланышы мүмкүн.[37] Мыйзам каражат кошууларга, которууларга, о.э. үгүт өнөктүгүнө кеткен чыгашаларга чектөөлөрдү коёт. Ал чектер мурунку шайлоолорго салыштырмалуу бир топ жогорулатылып, бул шайлоо өнөктүгүн өлкөнүн

---

32 ММКлар билдирген дагы бир окуяга ылайык, Республика – Ата Журт партиясынын талапкери Кыргызстан партиясынын мүчөсүнө Нарын областынын Кочкор районунда бычак менен жаракат келтирген. Милиция бул окуянын шайлоого тиешеси жок экендиги боюнча расмий билдирүү жасады.

33 БШКнын көзөмөлдөөчү-ревизиялык тобунун 3- октябрда берген отчетуна ылайык, Республика – Ата Журт, Өнүгүү - Прогресс, КСДП, Бир Бол, Кыргызстан жана Ата-Мекен партиялары эң чоң шайлоо фондоруна ээ болушкан.

34 Президент Атамбаев 1993- жылы КСДП партиясынын түзүлүшүнө колдоо көрсөткөн, 1999- жылы анын жетекчиси болгон жана 2011- жылы мүчөлүктөн чыккан.

35 Премьер-министр Темир Сариев, 15-сентябрда Бишкекте саясий партиялардын өкүлдөрү менен жолугушуу учурунда партиялардан добуштарды сатып алууну жана шайлоочулардын паспортторун жыйноолорун токтотууга чакырган.

36 Жалал-Абад милициясы ЕККУ/ДИАУБ ШБМ байкоочуларына Жалал-Абад шаарынын 5 тургуну 3-октябрда саясий партиялардын биринен өздөрүнүн добуштары үчүн акча жана күрүч алгандарын кабарлагандыгын билдирди. ММКлар шайлоо күнү Ички иштер министринин шайлоого чейинки мезгилде добуштарды сатып алуунун 80 учуру катталганын жана 6 кылмыш иликтөө иши козголгонун айтканын билдиришти. Добуш сатып алуу Кылмыш Кодекси боюнча жазалануучу жорук деп эсептелгендигине карабай, шайлоочулардын мындай териштирүүнү баштоону суранышы керектиги жарандардын бул маселеге кызыгуусун азайтат.

37 Шайлоолор жөнүндөгү мыйзам чет өлкөлүк, мамлекеттик жана анонимдик булактардын, ошондой эле диний жана кайрымдуулук уюмдарынын каражат кошуусуна тыюу салат, мындан сырткары үгүт иштери үчүн кошулган салымдардын, акча которуулардын жана жалпы чыгымдардын суммасына чектөөлөрдү коёт. Талапкерлер өз алдынча шайлоо фонддорун түзө алышпайт.

тарыхындагы эң кымбат өнөктүккө айлантуулары күтүлүүдө. Саясий партиялар мамлекет тарабынан каржыланбайт. Шайлоолор жөнүндөгү мыйзам шайлоого чейинки үгүт иштеринин башталгандыгы тууралуу жарыяланган күндөн баштап кайрымдуулук иш чараларын өткөрүүгө тыюу салат. Ошентсе да, айрым партиялардын үгүт өнөктүгүнүн жүрүшүндө, мурда жасалган кайрымдуулук иштер жана долбоорлор көп сөзгө алынды.[38] БШК, үгүт өнөктүгүнүн каржылоонун эрежелеринин сакталышын камсыздоо максатында, өз мүчөлөрүнүн биринин төрагалыгы астында көзөмөлдөөчү - ревизиялык топ түздү.

Эгер шайлоого чейин мындай билдирмелер көбүрөөк маалымат менен жарыяланып турса жана партиялар БШКга берүүчү маалымат шайлоодон кийин милдеттүү түрдө жарыяланганда, үгүт өнөктүгү дагы да ачык-айкыныраак болмок. Партиялар добуш берүү башталганга чейин аралык отчетторун беришкен, эми шайлоо бүткөндөн кийин он күн аралыгында толук маалыматты камтыган отчетторун берүүгө тийиш.[39] Ошол эле кезде, саясий пратиялар каражаттардын булагы тууралуу маалыматты ачууга милдеттүү эмес. Көзөмөлдөөчү - ревизиялык топ ар бир партияга келип түшкөн жана алар тарабынан кетирилген чыгымдардын жалпы суммасын көрсөткөн баяндамаларды утуру жарыялап турду.[40] БШК Аалам, Бир Бол жана Кыргызстан Элдеринин Конгресси партияларына үгүт өнөктүгүн каржылоо эрежелеринин бузгандыктары үчүн расмий эскертүү берди, ал эми Ата-Мекен, Өнүгүү - Прогресс жана Замандаш партиялары «келечекте эреже бузууларга жол берилбестиги» тууралуу билдирүү алышты.

Конституцияда теңчилдикке кепилдик берилгени менен, аялдар саясий турмушта жетиштүү өкүлчүлүккө жетпей келет, анын ичинде шайлануучу кызмат орунда да. Мөөнөтү бүтүп жаткан парламенттин 120 мүчөсүнүн 23ү аялдар (19.2%). Бул шайлоолорго катталган партиялык тизмелердеги аял талапкерлердин пайызы 30.1 менен 35.3 пайыздын ортосунда болду. Саясий партиялардагы аялдардын ролу бир топ айырмаланат: айрым партиялар чечим кабыл алуучу кызматтарга аялдарды такыр көрсөтпөсө, башкалары өздөрүнүн саясий кеңештеринин мүчөлөрүнүн 50 пайызга чейини аялдар экенин билдиришкен.Ушул жылдын 24- сентябрына карай, премьер-министрдин 4 орунбасарынын бири, 15 министрдин экөө, 7 област губернаторунун бири жана 48 мамлекет катчы менен министрдин орун басарларынынону аялдар.

## Массалык маалымат каражаттары

Массалык маалымат каражаттары (ММК) дебаттар жана саясий жарнактар аркылуу партияларды өз көз-караштарын түшүндүрүүсү үчүн маалымат платформасы менен камсыз кылышты. Көпчүлүк ММКларда шайлоо өнөктүгү тууралуу маалымат жаңылыктарда жана болуп жаткан окуялар тууралуу берүүлөрдө аз чагылдырылганы, редактордук макалалардын чектелгендиги о.э. саясий, иликтөөчү жана аналитикалык макалалардын сейректиги шайлоочулар ала алуучу бейтарап маалыматтын көлөмүн бир топ кыскартты.

Шайлоолор жөнүндө мыйзам ММКларга эфирдик убакытты жана басма аянттарын сатууга уруксат берет, муну үчүн баалар бардык шайлоого катышуучулар үчүн бирдей болуп, шайлоо күнү дайындалганга чейин 10 күндөн кеч эмес жарыяланышы керек. Мыйзамда бул каралбаганы менен БШК саясий жарнактарды берүү боюнча төлөнүүчү кызматтарды көрсөтүүнү чечкен ММКларга, аккредитацияны кайра чакырып алуу укугу менен, аккредитация талабын киргизди.[41]

Негизинен интернет укуктук система тарабынан жөнгө салынбаганы менен, БШК веб-сайттар үчүн да ушундай эле талап киргизди. Андан сырткары БШК үгүт материалдары жарык көрө алышы үчүн алар БШК тарабынан алдын ала каралып чыгуусун жана жактырылышын талап кылган расмий эмес

[38] Мисалы, Бүтүн Кыргызстан - Эмгек, Өнүгүү - Прогресс жана КСДП партиялары тарабынан.

[39] Бул талаптардын аткарылбоосу үчүн эч кандай чаралар каралган эмес. БШК мындай баяндамаларды жарыялоого милдеттүү эмес.

[40] 24- сентябрда көзөмөлдөөчү-ревизиялык топ саясий партиялар тапшырган, ар бир категория боюнча киреше жана чыгашалардын жалпы суммасы көрсөтүлгөн, аралык отчетторун да жарыялады.

[41] БШК ММКлар үгүт иштерин же шайлоо өнөктүгүн обьективдүү чагылдыра албаган же шайлоо комиссияларынын мүчөлөрүнүн ар-намысына жана кадыр-баркына доо кетирүүгө далалат кылган шарттарда, алардын саясий жарнактарды берүү боюнча төлөнүүчү кызматтарды көрсөтүү укугун чектеп, аккредитацияны кайра чакырып алуу укугун өзүнө калтырды.

процедураны киргизди.[42] Алдын ала карап чыгууну партиялардын көбү оң кабыл алганына карабай, ЕККУ/ДИАУБ ШБМдин көптөгөн маектештери мындай талаптарды ашыкча жана БШКнын мандатынан сырткары деп кабыл алышты.

Мыйзам талаптарынын так эместигинен улам[43], Коомдук теле-радио корпорация (КТРК) жана Улуттук теле-радио компания (ЭлТР), негиз катары ар бир шайлоого катышуучуга 1 саатты алып, акысыз эфирдик убакытты бөлүштүрүштү. 2011- жылы мамлекеттештирилип 2015- жылы мамлекеттен каражат алган 5- Канал жана Пирамида мыйзамдын талабына карабай, акысыз эфирдик убакытты бөлүштүрүшкөн жок.[44] Мамлекет тарабынан каржыланган мамлекеттик 3 гезиттин экөө мыйзамда талап кылынган акысыз басма аянтынын жарымын гана шайлоого катышуучуларга беришсе, Слово Кыргызстана мындай аянтты такыр берген жок.

ММКлар негизинен үгүт өнөктүгүн ишкердикке мүмкүнчүлүк катары кабыл алышып, өнөктүккө жаңылыктарында жана учурдагы окуялар жөнүндөгү берүүлөрүнүн редактордук материалдарында чектелүү гана орун беришти. ЕККУ/ДИАУБ ШБМдин маектештери бул жарнактардан түшүүчү кирешени көбөйтүү максатында жасалды деп билдиришти. Атап айтсак, шайлоого катышуучуларга КТРК тарабынан берилген убакыттын 79 % төлөнгөн. ЕККУ/ДИАУБ ШБМ мониторинг жүргүзгөн башка теле-каналдарда да ушундай эле абал байкалып, шайлоого катышуучулар жөнүндөгү берүүлөрүнүн 77 – 95 % төлөнгөн.[45]

Жаңылыктарда жана учурдагы окуялар жөнүндөгү берүүлөрдөгү партиялар жана алардын талапкерлери жөнүндө материалдар төлөнгөн контенттин жарымынан көбүн түздү. Мындай материалдар партиялар тарабынан даярдалып, катардагы жаңылык катары көрсөтүлгөндүктөн, аларды кадимки жаңылыктардан жана программалардан айырмалоо такыр мүмкүн эмес болду. Мындай материалдын көпчүлүгүндө аларга акы төлөнгөнү жөнүндө билдирме болгону менен, ал билдирмелер демейде эң аягында майда текст менен көрсөтүлүп жатты.[46] Мындай практика, мыйзам буга жол бергени менен, материалдын табияты тууралуу шайлоочуларда жаңылыш түшүнүктүн пайда болуусуна алып баруусу мүмкүн болгондуктан, редакциялык автономдуулукка жана маалымат каражаттарынын ишенимдүүлүгүнө шек келтирди.

Шайлоого катышкан партиялар тууралуу жаңылык макалаларынын жетишсиздигинин шартында мамлекет тарабынан каржыланган ММКларда президент жана башка өкмөт кызматкерлери тууралуу ашыкча оң тариздеги макалалар жана берүүлөр өзгөчө көзгө урунуп турду. Алар саясатка байланыштуу редактордук материалдын 29 - 42 пайызын Президентке, негизинен оң маанайда, арнашса, 25 – 48 пайызын өкмөткө, негизинен нейтралдуу маанайда, арнашты. Шайлоого катышкан калган партияларга баары болуп ал материалдын 7 - 17 пайызы арналды. Президент тууралуу жаңылыктарда жана учурдагы окуялар жөнүндөгү берүүлөрдөгү материалдар көбүнесе СДПКнын төлөнгөн роликтеринин бөлүктөрү болгон (музыка, ураандар же видео-коштоо сыяктуу) элементтерди камтыды.

Үгүт өнөктүгүнүн акыркы аптасында КТРК жана жеке менчик НТС теле-каналдарында СДПК, Республика – Ата Журт партияларына, жана азыраак деңгээлде Ата Мекен партиясына, арналган редакторлук материалдардын обого чыгарылышы күчөдү; бирок материалды сунуштоонун тону айырмаланып турду. КТРК Республика – Ата Журт жана Ата Мекен партиялары жөнүндө маалыматты негизинен терс маанайда тартуулап, СДПК партиясына арналган маалыматты көбүнчө оң же нейтралдуу маанайда берип жатты. НТС Республика – Ата Журт партиясы тууралуу, негизинен Ташиев

[42] 1- октябрда БШК КТРКга жактыруудан өтпөгөн жарнама роликтерин обого чыгарганы үчүн расмий эскертүү жасады.

[43] Шайлоолор жөнүндө мыйзам мамлекеттик же мамлекет тарабынан каржыланган ММКлардын ар бир жумуш күнү ар бир шайлоого катышуучу партияга 1 саат эфирдик убакытты же А 4 форматына барабар басма аянтын акысыз бөлүштүрүүсүн талап кылат.

[44] 2015- жылдын 16- февралында мамлекет 5- Каналга жана Пирамидага 5.7 миллион сомдон каражат бөлдү.

[45] 4- сентябрда ЕККУ/ДИАУБ ШБМ 6 теле-каналга (5- Канал, ЭлТР, КТРК, НБТ, НТС жана Пирамида), эки радиостанцияга (Биринчи радио жана Азаттык радиосу) жана 11 гезитке (мамлекет тарабынан каржыланган Эркин Тоо, Кыргыз Туусу, Слово Кыргызстана жана жеке менчик гезиттер Алиби, Азия Ньюс, Де Факто, Дело №, Фабула, РесПублика, Супер Инфо жана Вечерний Бишкек) сандык жана сапаттык мониторингин баштаган.

[46] ЕККУ/ДИАУБ ШБМ мониторингге алган теле-радио компанияларынын ичинен жалгыз ЭлТР төлөнгөн берүүлөрдүн башынан аягына чейин андагы материалдын төлөнгөндүгүн белгилеп турду.

мырзанын каттоодон чыгарылышына байланыштуу, кеңири маалыматты оң же нейтралдуу маанайда берди.

ЕККУ/ДИАУБ ШБМдин ММКларга жасаган мониторингинин жыйынтыктары коомдук Биричи радио (КТРКнын бөлүгү) жана Азаттык радиосунун тиешелүү материалдарынын ортосундагы таасын айырмачылыктарды көрсөттү. Биричи радио көбүнчө өкмөт мүчөлөрүнө көңүл бөлүп, шайлоого катышкан партияларга жалпы үгүт өнөктүгү жүргөн мезгилдеги редактордук материалдын 11 % гана түзгөн жалпысы 1 саат убакыт берилди. Азаттык радиосу көбүрөөк убакытты шайлоого катышкан партияларга жана алардын платформаларына бөлдү – анын шайлоого жана саясатка арналган материалдарынын жарымы эч бир партияга артыкчылык берүүсүз шайлоого катышкан партиялар жөнүндө болду.

## Арыздар жана даттануулар

Шайлоолор жөнүңдө мыйзамга киргизилген акыркы өзгөртүүлөргө ылайык, шайлоого байланышкан арыздар жана даттанууларднын көпчүлүгү шайлоо комиссиялары тарабынан каралат. Шайлоо комиссияларынын жана алардын мүчөлөрүнүн шайлоого кызыкдар тараптардын укуктарын бузган чечимдери, аракеттери же аракетсиздиги тууралуу даттануулар жогорураак деңгээлдеги Шайлоо комиссияларына жиберилет. БШК тууралуу арыздар жана анын чечимдери тууралуу даттануулар Бишкек шаарынын Биринчи Май райондук соту тарабынан каралып, андан кийин Жогорку Сотко жиберилиши мүмкүн. Мамлекеттик органдар, аткаминерлер жана шайлоого катышкан башка партиялардын иштери жана чечимдери тууралуу арыздар менен милицияга, прокуратурага, шайлоо комиссияларына же сотторго кайрылууга болот[47]. Арыздар жана даттанууларды арызданууучу мыйзам бузуу жөнүндө кабардар болгондон тартып 2 күн ичинде берүү зарыл.[48]

Шайлоо комиссиялары шайлоого чейинки арыздарды карап чыгышты, бирок дайым эле мыйзамда каралган мөөнөткө жооп беришкен эмес. БШКда арыздардын көбүн жумушчу топтору караштты.[49] Бирок, шайлоо комиссиялары тарабынан арыздарды кароонун натыйжаларын текшерүү жана документтештирүү ачык айкын болбогондуктан жакшыртууга муктаж.[50] БШК чечимдери дайым эле мыйзамдарды бир түрдүү колдонууга өбөлгө түзө берген жок же алардын айрымдарына укуктук негиздөө жетишпей жатты.[51] БШКнын үстүнөн түшкөн арыздардын көпчүлүгү соттор тарабынан, көбүнчө жетиштүү укуктук негиздөө берилбеген бойдон, күчүндө калтырылды.[52] Сот процесстери мыйзамда каралган мөөнөттө өттү, бирок тараптар дайым эле сот отуруму тууралуу кабардар кылынган жок.[53]

## Улуттук азчылыктардын катышуусу

Кыргызстандын эли көп этникалык топтордон турат, 5.6 миллион калктын 71 % кыргыздар түзсө, азчылыктар 29 % түзөт. Азчылык топторуна өзбектер (14.7%), орустар (8.3%), дунгандар (1.2%),

47 Жарандык процедуралык кодекске ылайык, шайлоого байланыштуу талаштар жергиликтүү соттор тарабынан каралат. Бирок Жогорку Сот жана БШК ЕККУ/ДИАУБ ШБМга судьялар Шайлоолор жөнүндө мыйзамга артыкчылык берилсин деген көрсөтмө алганын кабарлашты.

48 Чечим жарыяланган күн эмес ал кабыл алынган күндү эске алып, арызданууучулар арыз берүүгө мыйзамдар каралган мөөнөттү өткөрүп жиберишти деген негизде, 3 арыз соттор тарабынан четке кагылды.

49 Арыздар жана шайлоо өнөктүгүн көзөмөлдөө боюнча БШКнын жумушчу топтору шайлоого чейин 300дөн ашуун арызды карап чыгып, партияларга жана башка тараптарга мыйзам бузууларды четтетүүгө көрсөтмө беришти. Талапка жооп бербегендерге БШК отурумдары учурунда эскертүү берилди, бирок ишке тиешеси бар тараптар дайым эле өз пикирин айтуу мүмкүнчүлүгүнө ээ боло берген жок.

50 Жумушчу топтун отурумдарынын протоколдору түзүлгөн жок.

51 Мисал катары, БШКнын №157 "Республика – Ата Журт саясий партиясы жана анын тең-төрагасы Камчыбек Ташиев тарабынан шайлоо мыйзамдарынын бузулушу тууралуу" резолюциясын жана БШКнын №129 "Ата Мекен социалисттик саясий партиясына үгүт өнөктүгүнүн эрежелерин бузгандыгы үчүн эскертүү берүү тууралуу" чечимин караңыз.

52 Үстүнөн даттануу түшкөн БШКнын 14 чечимин Биринчи Май райондук соту күчүндө калтырды, 1 чечимди күчүн жоготту деп жарыялады. Бул соттун 10 чечимине Жогорку Сотко даттануу жиберилди, бирок алар да күчүндө калтырды.

53 Эгемен Кыргызстан партиясынын өкүлдөрү жана Ырыскулбеков менен Арыков мырзалар Биринчи Май райондук соту тарабынан сот отуруму качан өтөөрү тууралуу кабардар кылынган эмес.

уйгурлар (1%) о.э. тажик, казак, татар, украин, корей жана месхед түрктөрү кирет.[54] Конституция улуттук азчылыктарга тикелей шилтеме бербейт жана улутуна карап саясий партия түзүүгө жол бербейт. Конституцияда теңчилдик жана басмырлоого жол бербөө принциптери каралганы менен, басмырлоого жол бербөө тууралуу өзүнчө мыйзамдар жок. Конституцияда орус тилине расмий макаб берилген.

Талапкерлердин тизмелери, көпчүлүгүндө улуттук азчылыктардын өкүлдөрү алгачкы ондукка киргизилгендиктен, улуттук азчылыктар боюнча квотаны канаатандырышты. Өзбектер жана дунгандар топтолуп жашаган аймактардын бир нечесиндеги АШК жана УШКларда улуттук азчылыктар жетиштүү өкүлчүлүккө ээ болбогон. Шайлоочуларга билим берүү материалдары да, добуш бюллетендери да азчылыктардын тилинде чыгарылган эмес. Мындай практика эл аралык стандарттарга жана ЕККУ милдеттемелерине[55] туура келбейт жана де-факто кыргыз же орус тилдерин жакшы билбеген улуттук азчылыктардын өкүлдөрүнүн жарандык укуктарын бузууга алып келиши мүмкүн эле.

Азчылыктар түрдүү партиялардын иш-чараларына катышышты. Көпчүлүк партиялардын үгүт өнөктүгүндө улутчул сөздөрдөн оолак болушу, азчылыктарга каршы өнөктүктөрдүн жок болушу жана азчылыктардын кысымга алынышы тууралуу билдирүүлөрдүн келип түшпөшү оң өзгөрүү катары бааланат. Ошентсе да, азчылыктарга каршы мазмундагы контент Интернетте, анын ичинде социалдык тармактарда, орун алган учурлар болду. Үгүт өнөктүгүндө бир нече партия коомдук туруктуулукка жана коопсуздукка жетүү үчүн улуттук биримдиктин жана этникалык жамааттардын ортосундагы ынтымактын маанилүүлүгүнө өзгөчө көңүл бөлдү. Айрым партиялар үгүт материалдарын өзбек тилинде таратышты.

## Жергиликтүү жана эл аралык байкоочулар

Мыйзамдар жергиликтүү жана эл аралык байкоочуларга бүтүндөй шайлоо жараянына байкоо жүргүзүүгө уруксат берет. Эл аралык байкоочулар БШК тарабынан аккредитацияланышы керек, ал эми жергиликтүү байкоочулар алардын уюмдары байкоочулардын аты-жөнү көрсөтүлгөн катты байкоо жүргүзө турган жерлердин шайлоо комитеттерине (БШК, АШК, УШК) жибергенден кийин байкоочу макамын алышат. Жарандык коомдун, Демократия жана жарандык коом үчүн коалиция жана Таза Шайлоо уюмдарын кошуп, бул шайлоону байкоого, кыска жана узак мөөнөттүү байкоо жүргүзүүгө жана байкоолор жөнүндө баяндамаларды жарыялоого активдүү катышып, жараяндын ачык-айкындыгына салым кошуусу оң жөрөлгө катары бааланат.

БШКнын 28- июлдагы № 87- резолюциясына ылайык, БШК эл аралык байкоочуларды аккредитациядан өткөрүүнү 4- сентябрда гана баштап, шайлоо жараянынын бардык баскычтарына натыйжалуу байкоо жүргүзүүгө болгон алардын укуктарын чектеп койду. Жалпысынан, БШК түрдүү уюмдардан жана элчиликтерден 613 эл аралык байкоочуну аккредитациядан өткөрдү.

## Шайлоо күнү

Шайлоо күнү тынч өттү. Шайлоо участкаларынын ачылыш процедураларына, байкоо жүргүзүлгөн 122 шайлоо участкасынын 3үн кошпогондо, талап кылынган процедуралардын дайым эле аткарыла бербегенине карабай, оң баа берилди. Шайлоочулардын өздүгүн аныктоочу жабдыктарды ишке киргизүүгө жана бюллетень сканерлерин конфигурациялоого байланышкан техникалык көйгөйлөр (16 билдирүү) байкоо жүргүзүлгөн шайлоо участкаларынын 27синин кеч ачылуусунун негизги себеби болду; көпчүлүк учурларда ачылуу көп кечиктирилген жок.

Байкоо жүргүзүлгөн шайлоо участкаларынын 95 пайызындагы добуш берүүгө оң баа берилди.

---

[54] 2009- жылкы эл каттоонун маалыматын караңыз.

[55] ЕККУнун 1990- жылкы Копенгаген Документинин 32.5 параграфында “улуттук азчылыктар өз тилинде маалыматты тарата, ала жана алмаша алат” деп жазылган, 1996- жылы берилген БУУнун Адам укуктары боюнча комитетинин 25- Жалпы комментарийинде “шайлоо боюнча маалымат жана материалдар улуттук азчылыктардын тилинде да болушу керек” деп жазылган.

Добуш берүү жараяны байкоо жүргүзүлгөн шайлоо участкаларынын көпчүлүгүндө тартиптүү жана жакшы уюштурулган түрдө өттү жана шайлоочулардын өздүгүн аныктоочу жабдыктарды ишке киргизүүгө жана бюллетень сканерлерин конфигурациялоого байланышкан салыштырмалуу майда техникалык көйгөйлөр жөнүндө билдирүүлөр алынды. Ошол эле убакта, байкоо жүргүзүлгөн шайлоо участкаларынын бир тобунда шайлоочулардын баары эле шайлоочулардын тизмесинен өздөрүн таба алган жок.

Байкоо жүргүзүлгөн шайлоо участкаларынын 2 пайызында бюллетень сканерлери иштебей калгандыктан, аларды алмаштырууга туура келди, ал эми 1 пайызында УШК сканери жок бюллетень салынуучу кутуларды пайдаланууга аргасыз болду. Шайлоочулардын өздүгүн аныктоочу жабдыктар жалпысынан жакшы иштеди. Ага карабай, шайлоочулардын өздүгүн аныктоочу жабдыктардын же бюллетень сканерлеринин ишиндеги жабдууга жана программалык камсыздоого байланышкан улам кайталанган көйгөйлөрү добуш берүүнүн утуру бирок кыска кармалышына алып келип жатты. Шайлоочулардын өздүгүн аныктоо процедуралары байкоо жүргүзүлгөн шайлоо участкаларынын дээрлик баарында сакталды, бирок алардын дээрлик жарымында шайлоочулардын өздүгүн бармак издери сканерлөө аркылуу аныктоо ишке ашырыла албады. Байкоо жүргүзүлгөн шайлоо участкаларынын 34 пайызында аттары шайлоочулардын тизмесинен табылбагандыктан, айрым шайлоочуларды артка кетирген учурлар болду; шайлоочуларды тиешелүү шайлоо участкаларына багыттоо үчүн дайындалган МКК кызматкерлери шайлоочулардын айрымдарын, алар биометрикалык каттоодон өткөнүнө карабай, бир дагы шайлоо участкасындагы шайлоочулардын тизмесинен таба алган жок. Шайлоо участкаларына адамдардын толуп кетиши УШКлардын 9 пайызында байкалса, шайлоочулардын добуш берүү үчүн шайлоо участкаларынын сыртында күтүп калуусу 25% пайызында байкалган.

Добуш берүүнүн купуялуулугу дайым эле сактала берген жок. Байкоо жүргүзүлгөн шайлоо участкаларынын 13 пайызында айрым шайлоочулар өз бюллетендерине купуялыкта белги коё алган жок; 28 пайызында шайлоочулардын тандоосу алар бюллетендерин кутуга алып бара жатканда көрүнүп жатты; дагы 11 пайызында бюллетендерге коюлган белги алардын арт жагынан байкалып жатты. ЭАБМ байкоочулары айрым процедуралык эрежелердин бузулушу, мисалы тиешелүү түрдө бюллетендерди салуучу кутулардын тиешелүү түрдө жабылбаганы (13%), тууралуу билдиришти. Алар о.э. эрежелердин олуттуу бузулушу, анын ичинде шайлоочуларга кимге добуш берүүнү айтуу (1%), топ катары добуш берүү (4%) жана башка адамдын ордуна добуш берүү (1%) тууралуу билдиришти. Байкоо жүргүзүлгөн шайлоо участкаларынын 2 пайызынын айланасында ЭАБМ байкоочулары добуштарды сатып алуу далилдерин көрүшкөн.

Партиялардын өкүлдөрү байкоо жүргүзүлгөн шайлоо участкаларынын экөөнү кошпогондо, баарында, ал эми жергиликтүү байкоочулар алардын жарымынан көбүрөөгүндө болушту. Тиешелүү уруксаты жок адамдар, негизинен милиция кызматкерлери, байкоо жүргүзүлгөн шайлоо участкаларынын 30 пайызында жүрүштү; байкоо жүргүзүлгөн шайлоо участкаларынын 4 пайызында УШКга мүчө болбогон адамдар УШК мүчөлөрүн жетектегени же ишине кийлигишкени тууралуу кабарланды.

БШК шайлоого шайлоочулардын 58% катышканын жарыялады. Добуш берүү токтотулаар замат ал ар бир шайлоо участкасы боюнча бюллетендерди сканерлөөдөн алынган толук маалымат камтылган шайлоонун божомол натыйжаларын өзүнүн веб-сайтына жайгаштыра баштады.

Добуштарды саноого байкоо жүргүзүлгөн 113 шайлоо участкасынын үчтөн биринен көбүрөөгүндө терс баа берилди, бул тынчсызданууну жараткан олуттуу көрсөткүч. Көп УШКлар колдонулбаган бюллетендерди жок кылуу (11 билдирүү), шайлоочулар тизмесиндеги колдорду эсептөө жана ал санды жыйынтыктар протоколуна киргизүү (тиешелүү түрдө 24

жана 13 билдирүү) сыяктуу майда процедураларды аткарышкан жок. Добуштарды саноонун 12 учурунда бюллетендер партиялар боюнча бөлүнгөн жок, дагы 12 учурда бюллетендердин баары эле туура эсептеле берген жок. ЭШБМ байкоочулары 2 УШКда бюллетендердин партиялар боюнча бөлүнүшү такыр эле эсептелбей, бюллетень сканеринде көрсөтүлгөн натыйжадан көчүрүлүп алынганын билдиришти. Бюллетендердин туура толтурулушун аныктоокөп учурларда эч нерсеге негизделбей же бири-бирине окшош эмес түрдө жасалып жатты (тиешелүү түрдө 18 жана 15 билдирүү). Байкоо жүргүзүлгөн добуштарды саноонун дээрлик жарымынан көбүндө бюллетендерди кол менен саноонун жыйынтыгы бюллетень сканеринде көрсөтүлгөн натыйжа менен дал келген жок. Көп УШКлар протоколду толук же сыя менен толтурушкан жок (15 жана 10 билдирүү) же ага эрте эле кол коюп коюшту (12 билдирүү). Жыйынтыктардын протоколдорунун көчүрмөлөрү көп учурда аларды алууга укуктуу тараптарга берилген же жалпыга көрүнүктүү жерге илинген жок (тиешелүү түрдө 28 жана 39 билдирүү). УШК мүчөсү болбогон адамдар байкоо жүргүзүлгөн добуштарды саноонун 12сине катышышты. Партиялардын өкүлдөрү байкоо жүргүзүлгөн добуштарды саноонун дээрлик баарына, ал эми жергиликтүү байкоочулар алардын жарымына чукулуна катышышты. Тиешелүү уруксаты жок адамдар, дээрлик бардык учурларда милиция кызматкерлери, 46 добуш саноого катышышты.

Жыйынтыктарды таблицага киргизүү жараянынын алгачкы баскычтарына шайлоо түнү 45 АШКдан ЭШБМ байкоочусу жиберген 83 билдирүүнүн 29унда терс баа берилди. Билдирүүлөрдүн дээрлик жарымында УШК протоколдорун кабыл алуу жана иштеп чыгуу үчүн тиешелүү шарттардын жоктугу элдин толуп кетишине алып келип (12 билдирүү), ачык-айкындуулукка терс таасир тийгизди деп айтылган. ЭШБМ байкоочулары көп учурларда УШКлардын жыйынтык протоколдору толук толтурулбаганын (40 билдирүү) жана көп протоколдордогу сандар текшерилбегенин (36 билдирүү) жана бюллетень сканеринде көрсөтүлгөн натыйжа менен дал келбегенин (17 билдирүү) кабарлашты. ЭШБМ байкоочулары АШКларда протоколдордогу сандар кайра эсептөөсүз өзгөртүлгөнү тууралуу 21 баяндама беришти. Маалыматты иштеп чыгууга байланышкан көйгөйлөр 14 баяндамада белгиленди.

***Бул отчеттун англис тилиндеги түп нускасы бирден-бир расмий документ болуп эсептелинет. Расмий эмес котормолор кыргыз жана орус тилдеринде жеткиликтүү.***

## МИССИЯ ТУУРАЛУУ МААЛЫМАТ ЖАНА ЫРААЗЫЧЫЛЫК БИЛДИРҮҮЛӨР

**Бишкек, 5-октябрь 2015-ж.** – ЕККУ/ДИАУБ ШБМ Бишкекте 25- августта ачылды. Ага борбор шаардагы 16 эксперт жана Кыргыз Республикасынын түрдүү 10 аймагында жайгаштырылган 22 узак мөөнөттүү байкоочу кирет.

Шайлоо күнү 40 өлкөдөн келген 313 байкоочу, анын ичинде ЕККУ ПА делегациясынын 30 мүчөсү, ЕКПА делегациясынын 21 мүчөсү жана ЕП делегациясынын 11 мүчөсү, байкоо жүргүздү. Шайлоо участкаларынын ачылышына 122 шайлоо участкасында, ал эми добуш берүүгө өлкөдөгү 2338 шайлоо участкасынын ичинен 1040 шайлоо участкасында байкоо жүргүзүлдү. Добуштарды эсептөөго 113 шайлоо участкасында жана жыйынтыктарды таблицага киргизүүгө 54 АШКнын ичинен 45инде байкоо жүргүзүлдү.

Байкоочулар бийлик өкүлдөрүнө шайлоого байкоо жүргүзүүгө чакыруусу үчүн, БШКга аккредитация документтерин бергени үчүн, Тышкы иштер министрлигине жана башка мамлекеттик жана жергиликтүү органдарга байкоо жүргүзүү мезгилинде көрсөткөн жардамы жана кызматташтыгы үчүн ыраазычылык билдиришет. Байкоочулар ошондой эле Бишкектеги ЕККУ Борборуна[56] Этникалык азчылыктар боюнча ЕККУ жогорку комиссарына жана башка эл аралык уюмдар менен элчиликтерге, ошондой эле саясий партияларга жана жарандык коом уюмдары менен массалык маалымат каражаттарыныын өкүлдөрүнө кызматташтыгы жана колдоосу үчүн алкыш айтышат.

Кошумча маалымат үчүн байланышыңыз:

- Элчи Борис Фрлец, ЕККУ/ДИАУБ ШБМ жетекчиси, Бишкек (+996 312 881587);
- Томас Раймер мырза, ЕККУ/ДИАУБ ШБМ катчысы (+48 609 522 266); же
- Алексей Громов мырза, ЕККУ/ДИАУБ шайлоо боюнча кеңешчиси, Варшава (+45 22 5200 667);
- Андреас Бейкер мырза, шайлоо боюнча директор, ЕККУ ПА, Копенгаген (+45 601 08126);
- Шемавон Хабазиан мырза, ЕКПА, Страсбург (+33 650 687 655);
- Тимоти Боден мырза, Европа Парламенти, Брюссель (+996 312 530 875 же +32 473 844 450).

ЕККУ/ДИАУБ ШБМ дареги:
Бишкек, 720017
Бөкөнбаев көч. 194
Тел: +996 312 881587; 881589; 881590. Факс: +996 312 880082
Эл. дарек: office@odihr.kg
Веб-сайт: http://www.osce.org/odihr/elections/kyrgyzstan/177111

---

[56] ЕККУ/ДИАУБ ШБМ жана ЕККУнун Бишкектеги борбору тиешелүү мандаттарына карай өз алдынча иш алып барышат